# Мен сыймыктанган улуу инсан

**“Тып-тынч жаткан элиме,**
**Душман келип кол салды.**
**Бейпил жаткан жеримде,**
**Кандуу согуш башталды!”**

1941-жылдын 22-июнуну таңкы саат төрт. Адамзат тарыхында чоң трагедия башталган күн. Тынч жаткан совет элине фашисттик Германия кол салып, согуш башталды. “Милдеттүү түрдө эр азаматтар элди, жерди коргосун” -деген буйрук чыкты. Бул көп кан төгүлгөн согуш болду. Согуштун жүрүшүндө 27 миллион адам курман болду. 360 миңден ашуун жердешибиз согушка аттанып, анын 80 миңден ашууну кайтпай калды.

Согуш талаасында эл-жерин коргоп жүрүп, өз мекенине кайтпай калган аталардын элесин эскерип туруу, ар бир Кыргызстан жаранынын милдети деп эсептеймин.



Менин чоң атам Молдогазы, чоң таятам Тапык да согушка катышкан. Мен алар менен сыймыктанам. Бирок, тилекке каршы чон атам согуштан кайтпай калган. Ал жөнүндө эч маалымат калган эмес.

Ал эми мен бүгүн чоң таятам жөнүндө айтып берүүнү чечтим. Мен Молдогазиева Нурия таятамдын чөбөрөсү болом.

Чоң таятам Сартбаев Тапык 1917-жылы 1-июлда Сокулук районунун Жыламыш айылдында туулган. Педагогикалык техникумдун география бөлүмүн бүтүргөн. Согушка чейин айылдык мектепте география сабагынан мугалим болуп иштеген.

1941-жылы 10-сентябрда Сартпаев Тапык иниси Бекбоо менен согушка аттанган. Аскердик антты кабыл алып, 1941-жылдын сентябрь айына чейин 12-аткычтар полкунда, ошол эле жылы “Кабель жана талаа линиясынын байланыш бөлүмү” аскердик курсту бүтүрөт.

1942-жылдын июль айынан 1944-жылдын декабрь айына чейин 145-аткычтар полкунун байланыш бөлүмүнүн командири болуп дайындалган.

1944-жылы Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын катарына өткөн.

Согуш 4 жылга созулду, 4 жыл ажал менен аянбаган кармаш жүрдү, биз үчүн жеңиштин баасы өтө эле кымбатка турду.

Ошентип, согуш аяктап СССР жеңишке жетти. Советтер Союзунун 15 республикасынын кубанычы койнуна батпай турган мезгил келип, согушка аттанган жоокерлер өз эл-жерине да кайтып келе баштады.

Таятам 1945-жылдын 31-июлунда 2-Беларусь фронтунун аскер башчысы Советтер Союзунун Маршалы Рокоссовскийден "Ыраазычылык кат" алган.

1945-жылы октябрь айында ал аман-эсен үйгө кайтып келген, ал эми иниси Бекбоо согуш талаасынан курман болуп кайтпай калган.

Таятам Сартбаев Тапык согушта көрсөткөн эрдиктери үчүн

1-даражадагы "Ата Мекендик согуш" ордени, "Каармандыгы үчүн" медалдары менен сыйланган.

Согуштан кайтып келгенден кийин 1946-жылы үй-бүлө курат. Билимин андан ары улантуу максатында, Кыргыз мамлекеттик университеттин география факультетинин сырттан окуу бөлүмүнө тапшырат. Аны ийгиликтүү аяктап, Октябрь, Саз, Биринчи Май, Белек (мурунку Калинин) айылдарында мугалим болуп эмгектенет. Кийинчерээк Жыламыш айылындагы Чапаев толук эмес орто мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы кызматын аркалайт. Согуштан алган жаракатынан улам ооруга чалдыгып, пенсияга кетүүгө мажбур болгон.

1989-жылы 72 жашында дүйнөдөн кайткан.

Чоң таятамдын 5 кыз, 4 эркек баласы, 32 небереси, 20 чөбөрөсү бар.

Улуу Ата мекендик согушта курман болгон ата-бабаларыбыз элин, жерин коргош үчүн согушкан. Биз аларды эч качан унутпайбыз. Бизге жеңиш алып келген, жаркын келечек тартуулаган аталарыбыздын эрдигин даңазалап, даңкташыбыз керек.

**Эч ким, эч нерсе, эч качан унутулбайт!**



Молдогазиева Н.

гр. Э-1-18